КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
АРАВАН РАЙОНУ
ДОСТУКАЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛ ӨКМӨТҮ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
АРАВАНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛ ОКМОТ ДОСТУКСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**БУЙРУК**

**П Р И К А З**

18.12.25 № 259 Пахта-Дөбө айылы

**Араван райондук мамлекеттик администрациясынын 2025-жылдын 7-октябрындагы «Ишеним телефону жөнүндөгү Жобону бекитүү тууралуу» №01-14/226 буйругун аткарууга алуу жөнүндө**

Жарандардын кайрылууларына ыкчам жооп берүү, айыл өкмөтүндө коррупциялык жана башка укук бузуулардын алдын алууга багытталган чараларга жардам берүү жана чыңдоо максатында **буйрук кылам:**

1.Достук айыл өкмөтүнүн «Ишеним телефону» жөнүндөгү Жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. «Ишеним телефонуна» жооптуу катары Достук айыл өкмөтүнүн жетектөөчү адиси иш-кагаздарды жүргүтүүчү Г.М.Омурбаева бекитилсин.

3.Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Достук айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары Т.У.Пиратовго жүктөлсүн.

**Башчы** **М.Н. Кадиров**

ДОСТУК
2025 жыл

Достук айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 18 - декабрь
№ 259 буйругуна тиркеме

**Достук айыл өкмөтүнүн “Ишеним телефону” жөнүндө ЖОБО**

## I. Жалпы жоболор

## II.

1.Ушул Жобо Достук айыл өкмөтүнүн «Ишеним телефонуна» (мындан ары «Ишеним телефону») кайрылган жарандардын кайрылууларын кабыл алуу, каттоо, кайрылууну кароо тартибин аныктайт жана жарандардын укуктарын, мыйзамдуу кызыкчылыктарын натыйжалуу коргоо, кайрылууларга ыкчам чара көрүү максатын көздөйт.

2. (0772-931-617) абоненттик номурундагы «Ишеним телефону» Достук айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жайгаштырылат.

3. «Ишеним телефону» иш күндөрү саат 8:30 дан -17:30 га чейин иштейт, түшкү тыныгуу 12:00 дөн - 13:00 гө чейин (кышкы мезгилде 9:00 дөн -18:00 гө чейин иштейт, түшкү тыныгуу 12:30 – 13:30)

## II. «Ишеним телефонунун» иш милдеттери

- жарандардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо, кайрылууларындагы маселелеринин чечилишине ыкчам чара көрүү;
- Достук айыл өкмөтүнүн аймагында коррупциялык жана башка укук бузууларды алдын алууга багытталган чараларга жардам берүү жана чыңдоо;
- Достук айыл өкмөтүнүн аймагында мүмкүн болуучу коррупциялык көрүнүштөр жана башка укук бузуулар фактыларын аныктоо.

## III. «Ишеним телефонунун» ишин уюштуруу

1. «Ишеним телефону» аркылуу жарандардын кайрылууларын кабыл алуу Достук айыл өкмөтүнүн жетектөөчү адиси Г.Омурбаева тарабынан ишке ашырылат.

-Кызматкерлер жарандардын кайрылууларын кабыл алуу, аларды тексттик формага келтирүү, журналга жана электрондук документ жүгүртүү тутумуна каттоо, Достук айыл өкмөтүнүн башчысынын кароосуна киргизүү боюнча иштерди алып барышат.

2. «Ишеним телефону» аркылуу жарандардын ар түрдүү мазмундагы кайрылуулары жана Достук айыл өкмөтүнүн жооптуу кызмат адамдарынын жана кызматкерлеринин үстүнөн коорупциялык аракеттери, алар тарабынан кызматтык

милдеттеринин өз учурунан кечиктирип жана сапатсыз аткаргандыктары боюнча жарандардын даттануулары кабыл алынат.

3. «Ишеним телефонуна» кайрылган жарандын кайрылуусун кабыл алуу Достук айыл өкмөтүнүн аппаратынын кызматкерлери менен жарандын диалогу түрүндө болот жана аппараттын кызматкерлери кайрылган жаранга өзүнүн аты-жөнүн, кызматын тааныштырат. Диалог учурунда кызматкер кайрылган жарандын аты-жөнүн (мекеме-ишканалардын - уюштуру-укуктук формасын, аталышын) үй/почта даректерин, телефон номурун, кайрылуунун мазмунун тактайт.

4.Жарандын кайрылуусунда көтөргөн маселеси Достук айыл өкмөтүнүн аппаратынын ыйгарым укуктарына кирбеген учурда кызматкер жаранга кайсыл мекемеге, кандай тартипте кайрылуусу керектигин түшүндүрүүгө милдеттүү.

5. «Ишеним телефонуна» кайрылган жарандардын кайрылууларын каттоо журналы «Ишеним телефону» турган бөлмөдө жайгашат. Журналдын беттери номурланат жана төмөндөгүдөй графалары болот:

- катар номуру;
- кайрылуунун келип түшкөн убактысы жана датасы;
- арыз ээсинин аты-жөнү, үй/почта даректери, телефон номуру;
- кайрылуунун кыскача мазмуну;
- кайрылууну кароонун жыйынтыгы боюнча белги.

6. «Ишеним телефонуна» кайрылган жарандардын кайрылуулары, ушул жобонун 8- пунктунда көрсөтүлгөндөрдү кошпогондо, «Жарандардын кайрылууларын кароонун тартиби жөнүндөгү" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык каралат.

7. Төмөндөгү учурларда токтоосуз чара көрүү Достук айыл өкмөтүнун башчысына тезинен билдирүү талап кылынат:

-Достук айыл өкмөтүнө караштуу обьекттеринде терракт жасоо, уурдоо, өрттөө, архивди жок кылуу жана башка ыкмалар менен материалдык чыгым кылуу коркунучтары жаралган учурларда;

- Достук айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринин кызматтык милдеттерин аткаруу учурунда ден соолугуна жана өмүрүнө коркунуч жаралган учурларда;

- Достук айыл өкмөтүнүн кызматкерлери тарабынан атайылап же байкабастан кылмыш же жорук жасалган учурда.

8. Укукка каршы аракеттер даярдалып жаткандыгы, жасалгандыгы же жасалып жаткандыгы жөнүндө билдирүүлөр болгон учурда токтоосуз укук коргоо органдарына жөнөтүлүүгө жатат.

**Бөлүм башчы** **А.А.Абдуллаева.**